КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
МАТЕМАТИКА ИНСТИТУТУ

Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 01.17.560 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 517.928

**Алымбаев Асангул Темиркулович**

# ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК, ИНТЕГРО-ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН ЧЕКТИК МАСЕЛЕЛЕРИН ИЗИЛДӨӨНҮН САН-АНАЛИТИКАЛЫК ЖАНА АСИМПТОТИКАЛЫК ЫКМАЛАРЫ

Адистиги 01.01.02 –дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу

Физика-математика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

# АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2018

Диссертациялык жумуш КР УИАнын Математика институнун колдонмо математика жана информатика лабораториясында аткарылган

**Илимий консультанты:** **Байзаков А.Б.** - физика-математикалык илимдеринин доктору, профессор

**Расмий оппоненттер:** **Алыбаев К.С.** - физика-математикалык илимдердин доктору, профессор
**Асанов А.** - физика-математикалык илимдердин доктору, профессор
**Иманалиев Т.М.** - физика-математикалык илимдердин доктору, профессор

**Жетектөөчү мекеме:** Аль–Фараби атындагы Казак улуттук университети.
Дареги: Казахстан, Алматы, Аль-Фараби просп. 71

Диссертацияны коргоо 2018-жылдын 13 апрелинде саат $14^{00}$дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин-деги физика-математика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 01.17.560 Диссертациялык кеңешинин кеңешмесинде өткөрүлөт.

Дареги: Кыргызстан, 720054, Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү - 328, КУУнун № 6-лабораториялык имараты, 211-аудитория.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук илимий китепканасынан жана МИ http://math.aknet.kg/zashity.html сайтынан таанышууга болот.

Дареги: Кыргызстан, 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат жарык көргөн 12 март 2018-ж.

Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы милдетин аткаруучу
ф.-м. и. д., профессор Искандаров С.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Биз төмөнкүдөй кыскартып жазууларды колдонобуз: ДТ-дифференциалдык теңдеме; ИДТ-интегро-дифференциалдык теңдеме.

Көптөгөн физикалык маселелердин математикалык моделдери ДТ жана ИДТ үчүн чектик маселелерге келтирилет.

Мындай чектик маселелердин чыгарылышын окуп үйрөнүү үчүн А.М.Ляпунов, А.Пуанкаре, Н.М.Крылов, Н.Н.Боголюбов, Ю.А.Митропольский, М.И.Иманалиев жана башка авторлор ойлоп тапкан асимптотикалык, аналитикалык жана сапаттык ыкмалар бар. Бул ыкмалар өзгөчө жетишкендик менен дээрлик сызыктуу теңдемелердин системалар изилдөөдө колдонулат. Мындай тектеги теңдемелер үчүн сызыктуу эместүүлүгүн эффектиси жай байкалып, аны табуу чыгарылышты асимптотикалык түргө ажыратуу менен каралат.

Жалпы түрдө берилген чектик маселенин чыгарылышын изилдөөнүн эффективтүү ыкмаларынын бири болуп А.М. Самойленко иштеп чыккан сан-аналитикалык ыкма эсептелет. Сан-аналитикалык ыкма удаалаш жакындаштырып түзүү ыкма катары, биринчи жолу автономдук эмес ДТ системасынын мезгилдик чыгарылыштарын изилдөөдө А.М. Самойленко тарабынан сунушталган жана негизделген.

Ыкма Д.И. Мартынюк, Н.А. Перестюк, Н.Х. Ронто, О. Нуржанов, Л.Л. Тай, Г. Вахабов, А.Д. Байнов, К. Ильясов, В. А. Данканыч, А.Я. Гадионенко жана башка авторлор тарабынан өркүндөтүлүп, андан ары колдонула башталган. Бул авторлордун иштеринде оң жактары мезгилдүү функция болгон кечигип таасириленген ДТ, ИДТ, импульстук таасирленген ДТ, автономдук ДТ системалардын, экинчи тартиптеги автономдук ДТ, кечигип таасирленген автономдук ДТ системалардын чыгарылышын тургузуу жана жашашын изилдөө маселелери каралган.

Сан-аналитикалык ыкманын эки чекиттүү чектик маселелерге колдонулушу А.М. Самойленко., Н.Х. Ронто эмгектеринде жарык көргөн. Бул авторлодун эмгектеринде ДТ системасынын сызыктуу бөлүнбөгөн чектик шарты бар, чектик маселенин чыгарылышынын жашашы жана аны тургузуу меселелери изилденген.

Диссертациялык иште ДТ үчүн чектик меселени чыгаруунун жаңы ыкмалары сунушталат.

**Изилдөөнун максаты:**

– Автономдук касиетке ээ болгон чектүү кечигип таасирленүүчү сызыктуу сымал ИДТ жана убакыттын чексиз өткөн чагынан таасир алган жалпы түрдө берилген ИДТ системанын мезгилдик чыгарылышынын жашашы жана тургузуу сыяктуу маселелерди изилдөө;

– Аралаш тектеги ИТ жакындаштырылган чыгарылышын тургузуу жана теңдеменин чечилишин изилдөө;

– ДТ үчүн сызыктуу бөлүнбөгөн чектүү шарттуу чектик маселенин чыгарылышын табуу маселесин изилдөө;

– Регулярдуу жана сингулярдуу дүүлүктүрүлгөн ДТ үчүн чектик маселенин, кичине параметрге карата ажыралуучу асимптотикалык чыгарылышын тургузуу.

– Чектүү маселенин чыгарылышын изилдөө үчүн Рунге – Куттанын ыкмасынын модификациясын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмасы:** Диссертациянын максатын чечиш үчүн, негизинен академик А.М.Самойленконун сан-аналитикалык ыкмасынын аппараты, Я.В.Быковдун интегро-дифференциалдык теңдемелердин теориясы, Рунге-Куттанын сандык ыкмасынын аппараты, Пуанкаренин кичине параметрге карата чыгарылышты катарга ажыратуу ыкмасы, аймактык функциялардын теориясы, так чыгарылышка удаалаш жакындаштырылган чыгарылыштардын тездетилип, жыйналуусун камсыз кылган Ньютон–Канторовичтин ыкмалары колдонулат.

**Илимий жаңылыктары.**

– Биринчи жолу чектүү жана чексиз кечигип таасирленген автономдук ИДТ системанын мезгилдик чыгарылышын изилдөөдө А.М. Самойленконун сан-аналитикалык ыкмасы колдонулду жана негизделди;

– ДТ так чыгарылышына жакындаштырылган чыгарылыштын тездетилип жыйналуусун камсыз кылган, удаалаш жакындоочу ыкманы иштеп чыгуу жана математикалык негиздөө;

– ДТ система үчүн түзүлгөн эки чекиттүү чектик маселенин сандык чыгарылышын тургузуу үчүн Рунге-Куттанын сандык ыкмасынын модификациясын иштеп чыгуу жана негиздөө;

– Сан-аналитикалык ыкманын ИТ деп аталуучу ИТ чыгарылышынын жашашы жана жалгыздыгы тууралу маселени изилдөө;

– Кичине параметрге карата регулярдуу жана сингулярдуу дүүлүктүрүлгөн ДТ үчүн чектик маселени ИДТ үчүн Коши маселесине келтирүү ыкмасы менен чектик маселенин асимптотикалык чыгарылышын табуу;

– Сызыктуу жана квазисызыктуу ДТ үчүн чектик маселенин чыгарылышын тургузуу жана жашашын тастыктаган маселени изилдөө;

**Коргоого алынып чыккан жыйынтыктардын негизгилери.**

1. Автономдук касиетке ээ болгон чектүү жана чексиз кечигип таасирленген ИДТ системаларынын мезгилдик чыгарылыштарын изилдөө үчүн А.М. Самойленконун сан-аналитикалык ыкмасын изилдөө;
2. Сан-аналитикалык ыктыманын ИТ деп аталуучу аралаш тектеги ИТ чыгарылышын изилдөө;
3. ДТ үчүн чектик маселенин так чыгарылышына тездетилип умтулуучу ылдамдыкты камсыз кылган, сан-аналитикалык ыкманы иштеп чыгуу;
4. ДТ система үчүн чектик маселенин сандык чыгарылышын тургузуусуна арналган Рунге-Куттанын сандык ыкмасынын модификациясын иштеп чыгуу.

5. Регулярдуу жана сингулярдуу дүүлүктүрүлгөн чектик маселелеринин асимптотикалык чыгарылыштарын табыш үчүн ИДТ ыкмасын иштеп чыгуу жана аны негиздөө.

6. Сан-аналитикалык ыкманын аппаратынын жардамы менен сызыктуу жана сызыктуу сымал ДТ үчүн чектик маселелердин чыгарылыштарын изилдөө.

**Иштин апробациясы.** Иштин жыйынтыгы төмөндөгүдөй иш чараларда талкууланды:

– Профессор Р.Усубакуновдун элесине арналган учүнчү республикалык илимий конференция, И.Арабаев атындагы университет, Бишкек, 2014 ж.

– «Учурдагы илимдин өнүгүшүнүн аспектилери»-аттуу 2-эл аралык илимий практикалык конференция, ИСИТО,(Бишкек, 2013 ж).

– Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин табигый илимдер факультети, теориялык жана колдонмо математика бөлүмдөрүнүн илимий семинары(Бишкек, 2016 ж).

– IV республикалык илимий –методикалык конференция «Окуу процессиндеги компьютердин ролу жана азыркы учурда математиканын көйгөйлөрү», II бөлүм (Бишкек, 1996 ж).

– К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл университетинин 40 жылдыгына арналган илимий-теориялык конференция(Каракол, 1993 ж).

– Профессор А.Керимбековдун 70 жылдык юбилейине арналган «Башкаруунун теориясы, топология жана оператордук теңдемелердин актуалдуу проблемалары» аттуу эл аралык илимий –практикалык конференция (Бишкек-Чолпон-Ата, июнь 2017 ж).

– Ыймандуулук, тарбия жана маданият жылына арналган «Илим жана билим: иновациялык өнүгүүнүн багытынын учурдагы проблемалары жана перспективтери», аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция (Каракол, май 2017ж).

– Академик Бөрүбаев А.А илимий семинары (Бишкек, 2018ж).

**Публикациялар.** Иштин негизги жыйынтыктары монография жана 26 илимий иштерде чыгарылган.

[2, 18, 23, 24] биргелешкен иштерде маселелердин коюлушу А.Б. Байзаковго, ал эми алардын чыгарылышы талапкерге тиешелүү. Диссертациядагы иштин негизги жыйынтыктары автордун өзүнө тиешелүү.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.**

Диссертация киришүүдөн, 6 главадан жана колдонулган булактардын тизмелеринен туруп, 116 бетке жазылган. Сандык мисалдардын жыйындыктары Excel программасында жазылып, иштин кошумча бөлүгүндө көрсөтүлгөн. Диссертациянын көлөмү 164 бетти түзүп, үчтүк номерлөө аркылуу белгиленген. Биринчи цифра главанын номери, экинчиси бөлүмдүн номери, үчүнчүсү теоремлардын, леммалардын жана формулалардын номери.

Автор, илимий консультант, физика-математика илимдеринин доктору, профессор А.Б. Байзаковго диссертациялык иштеги мисалдарды тандоодо, анын жыйынтыктарындагы теоремалардын далилденишине жана авторго белгисиз илимий булактарды чогултуудагы көмөктөрү үчүн, өтө терең ыраазычылыгын билдирет.

## Диссертациянын мазмуну

Киришүүдө изилдөөнүн максаты жана маселелери теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы, диссертациянын практикалык жана теориялык баалулугу чагылдырылган.

**Биринчи главада** илимий булактардын обзору жана диссертациянын кыскача мазмуну жазылган.

**Экинчи глава** автономдук касиет ээ болгон ИДТ системанын мезгилдик чыгарылышын изилдөөгө арналган А.М.Самойленконун сан-аналитикалык ыкмасын негиздөө маселелери каралган:

$$\frac{dx(t)}{dt} = Ax(t) + f\left( x(t), \int_{t}^{t+\tau} \varphi(t-s, x(s))ds \right) \qquad (1)$$

жана

$$\frac{dx(t)}{dt} = f\left( x(t), \int_{-\infty}^{t} \varphi(t-s, x(s))ds \right), \qquad (2)$$

$$x(t) = \int_{t-\tau}^{t} K(t,s)x(s)ds + f(t) \qquad (3)$$

жана

$$\frac{dx(t)}{dt} = f\left( t, x(t), \int_{t-\tau}^{t} K(t,s)x(s)ds \right). \qquad (4)$$

мезгилдик чыгарылыштары изилденет.

Төмөнкүдөгүдөй өзгөртүп түзүүнү карайлы:

$$\overline{x} = e^{A\omega t}\overline{y}, \quad \overline{\overline{x}} = \overline{\overline{y}}, \quad \theta = \omega t$$

мында $\overline{x}$ жана $\overline{y}$ $m$–өлчөмдүү $(i = 1,2,...,m,\ i \le m \le n)$, $\overline{\overline{x}}$, $\overline{\overline{y}} - (n-m)$ компоненттүү, ал эми –($n$–$m$) – өлчөмдүү вектор функциялар, жаңы өзгөрүлмө чондукка $\theta$ карата (1) системасы төмөнкүдөгүдөй түргө келтирилет:

$$\frac{dy(\theta)}{d\theta} = \frac{1}{\omega} Y\left( y(\theta), \frac{1}{\omega} \int_{\theta}^{\theta+\omega\tau} \psi\left(\theta, v, y(v)\right) dv \right), \qquad (5)$$

$Y(\theta, y, u)$, $\psi(\theta, y, v)$ вектор-функциялары

үзүгүлтүксүз, чектелген жана боюнча $2\pi$ - мезгилдүү функция болуп Липшицтин шартын канагаттандырсын

$$|Y(\theta, y, u)| = M, \quad |\psi(\theta, y, v)| \le N, \qquad (6)$$

$$\begin{gathered} |Y(\theta, y', u') - Y(\theta, y'', u'')| \le K_1 |y' - y''| + K_2 |u' - u''|, \\ |\psi(\theta, v, y') - \psi(\theta, v, y'')| \le K_3 |y' - y''|, \end{gathered} \qquad (7)$$

мында $M, N, K_1, K_2, K_3$ – турактуу сандар.

Ошондой эле $Q=\frac{2\pi}{3\omega}\left[K_1+\frac{3\tau}{2}K_2K_3\right]$ саны бирден кичине болсун

$$Q<1. \qquad (8)$$

**Теорема 1.** (5) ИДТ системасы (6), (7), (8), шарттарын канагаттандырсын. Эгерде $\omega\in I_\omega=\{\omega:\ \omega\geq\Omega\}$, областында (5) система $2\pi$ – мезгилдик $y=y(\theta)$ чыгарылышка ээ болсо, анда $y(\theta)=y_\infty(\theta,y_0,\omega)$, мында $y_\infty(\theta,y_0,\omega)$

$$\begin{aligned}y_m(\theta,y_0,\omega)&=y_0+\frac{1}{\omega}\int_0^\theta\Bigg[Y\left(\theta,y_{m-1}(\theta,y_0,\omega),\frac{1}{\omega}\int_\theta^{\theta+\omega\tau}\psi(\theta,\,v,y_{m-1}(\theta,y_0,\omega))dv\right)-\\&-\frac{1}{2\pi}\int_0^{2\pi}Y\left(\theta,y_{m-1}(\theta,y_0,\omega)),\frac{1}{\omega}\int_\theta^{\theta+\omega\tau}\psi(\theta,\,v,y_{m-1}(v,y_0,\omega))dv\right)d\theta\Bigg]d\theta,\quad m=1,2,....\end{aligned} \qquad (9)$$

удаалаштыгынын предели.

Эгерде $\Delta(y_0^*,\omega)=0$ барабардыгы орун алса, анда $(y_0^*,\omega)$, чекити

$$\Delta:\ R^{n-1}\times I_\omega\to R^n,$$

$$\Delta(y_0^*,\omega)=\frac{1}{2\pi\omega}\int_0^{2\pi}Y\left(\theta,y^0(\theta,y_0,\omega),\frac{1}{\omega}\int_\theta^{\theta+\omega\tau}\psi(\theta,\,v,y^0(v,y_0,\omega))dv\right)d\theta, \qquad (10)$$

чагылтуусунун өзгөчө чекити болот.
(10) чагылтуусу

$$\Delta_m(y_0^*,\omega)=\frac{1}{2\pi\omega}\int_0^{2\pi}Y\left(\theta,y_m(\theta,y_0,\omega),\frac{1}{\omega}\int_\theta^{\theta+\omega\tau}\psi(\theta,\,v,y_m(v,y_0,\omega))dv\right)d\theta, \qquad (11)$$

удаалаштыгы аркылуу жакындаштырылып табылгандыктан ($y_m(\theta,y_0,\omega)$–(9) удаалаштыгынын функциялары), $\Delta_m(y_0^*,\omega)$ функциясынын нөлдөрү аркылуу, $\Delta(y_0^*,\omega)$, функциясынын нөлдөрүн аныктоого, муну менен (5) системанын мезгилдик чыгарылышынын жашоошун аныктоо маселеси келип чыгат.

Бул маселененин чыгарылышы §2.5 далилденип төмөндөгүдөй тыянак менен жыйнакталган.

**Теорема 2.** (5) системасы үчүн төмөндөгүдөй шартар орун алсын:

1) Кандайдыр бир бүтүн *m* сан үчүн $\Delta_m(y_0^*,\omega)$ чагылтуусунун обочолонгон өзгөчө чекити $(\overline{y}_0^*,\overline{\omega})$ бар болсун $\Delta_m(\overline{y}_0^*,\overline{\omega})=0$;
2) Бул өзгөчө чекиттин индекси нөлгө барабар эмес;
3) $\Delta_m$ чагылтуусунун жалгыз өзгөчө $(\overline{y}_0^*,\overline{\omega})$ чекитин кармаган, томпок жана жабык область $D_\omega=D\times I_\omega\subset R^{n-1}\times I_\omega$ жашап, анын чегинде $\Gamma(D_\omega)$ $\inf\Delta_m(y_0^*,\omega)\geq\frac{1}{\omega}Q^{m+1}(1-Q)^{-1}M$, барабардыгы орун алсын. Анда (5) системанын мезгили $2\pi$ болгон мезгилдик чыгарылышы бар болот. Бул суроого §2.6 далилдеген тыянак жооп берет.

**Теорма 3.** (5) системасы берилсин жана $\{y_n=y_{0n}\}\in D_\omega$. Анда бул областан $\Delta(\overline{y}_0,\overline{\omega})=0$ болгондой (*y₀, ω)* чекит табылышы үчүн, бүтүн *m* санынын баардык маанилери жана каалагандай $(y_0',\omega')\in D_\omega$ чекиттер үчүн, төмөнгүдүгүдөй барабарсыздыктын аткарылышы зарыл:

$$\left|\Delta_m(y_0',\omega')\right| \le \sup\left\{\frac{K_1+K_2K_3\tau}{\omega'}[1+Q'(1+Q'(1-Q')^{-1})]\left|\overline{y}_0'-y_0'\right|+\right.$$

$$\left.+\frac{M+2NK_2\tau}{\omega'\omega''}[1+Q'(1+Q'(1-Q')^{-1})]\left|\omega'-\overline{\omega}\right|+\frac{1}{\omega}Q'^{m+1}(1-Q')^{-1}M:(y_0,\omega)\in D_\omega\right\},$$

мында $Q'=\frac{2\pi}{3\omega'}\left(K_1+\frac{3\tau}{2}K_2K_3\right)$

$\|K_\tau\|$ символу менен

$$\|K_\tau\|=\sup_{\|x\|=1}\left|\int_{t-\tau}^{t}K(t,s)ds\right|=\max_{t\in[0,\omega]}\left|\int_{t-\tau}^{t}K(t,s)ds\right| \quad (12)$$

функцияны белгилейбиз.

§2.7 параграфта

$$\frac{dx(t)}{dt}=f\left(t,x(t),\int_{t-\tau}^{t}K(t,s)x(s)ds\right), \quad (13)$$

мында $f$ жана $K\ t,s$ өзгөрүлмө чоңдуктары боюнча $\omega$-мезгилдик функциялар, ИДТ каралган жана анын чыгарылышынын жашашы изилденген.

§§2.8-2.10 параграфтарда

$$\frac{dx(t)}{dt}=f\left(x(t),\int_{-\infty}^{t}\varphi(t-s,x(s))ds\right) \quad (14)$$

ИДТС мезгилдик чыгарылышынын жашашынын жана түзүүнүн маселелери каралган, мында $x, f-n$-өлчөмдүү вектор-функция, $\varphi\ -m$ өлчөмдүү вектор-функция. $f(x,u)$ жана $\varphi(t-s,x)$ функциялары $x$ жана $u$ боюнча Липшицтин шартын канагаттандырылсын. $m\times m$–өлчөмдүү $A$ –туруктуу матрица үчүн $\frac{d\overline{x}}{dt}=A\overline{x}$ теңдемесинин баардык чыгарылышы $2\pi$-мезгилдик функциялар болгондой болуп тандалып алынган.

$$\overline{x}=e^{A\omega t}\overline{y},\quad \overline{\overline{x}}=\overline{\overline{y}},\quad \theta=\omega t \quad (15)$$

өзгөртүп түзүүсүн алалык, мында $\overline{x}, \overline{y}$-$m$ -өлчөмдүү, $(i=1,2,...,m,\ i\le m\le n),\ \overline{\overline{x}},\ \overline{\overline{y}}-(n-m)$ -өлчөмдүү вектор-функциялар, анда (14) система жаңы өзгөрүлмөлүү чоңдука карата

$$\frac{dy(\theta)}{d\theta}=\frac{1}{\omega}Y\left(\theta,y(\theta),\frac{1}{\omega}\int_{-\infty}^{\theta}\psi(\theta,v,y(v))dv\right) \quad (16)$$

системага келтирилет. $Y(\theta,y,\vartheta), \psi(\theta,y,v)$ функциялары үзгүлтүксүз, чектелген жана $\theta, v$ боюнча $2\pi$-мезгилдүү функциялар болушуп, төмөндөгүдөй шарттарды канагаттандырсын

$$\left|Y(\theta,y,\vartheta)\right|\le M,\quad \int_{-\infty}^{\theta}\left|\psi(\theta,v,y(v))\right|dv\le N, \quad (17)$$

$$\left|Y(\theta,y',\vartheta')-Y(\theta,y'',\upsilon'')\right|\le K_1\left|y'-y''\right|+K_2\left|\vartheta'-\upsilon''\right|, \quad (18)$$

$$\left|\psi(\theta,v,y')-\psi(\theta,v,y'')\right|\le K_3(\theta-v)\left|y'-y''\right|, \quad (19)$$

$$\int_{-\infty}^{\theta} K_3(\theta - v)dv < K < \infty,$$

мында $M, N, K, K_1, K_2$-туруктуу сандар.

$Q = \frac{\pi}{\omega}\left(K_1 + \frac{K_2 K}{\omega}\right)$ саны бирден ашпасын

$$Q < 1, \tag{20}$$

(17)-(20) шарттар аткарылган учурларда , §2.8-2.10 параграфтарда теорема 1,2,3 сыяктуу жыйынтыктар далилденген.

§2.11 параграфта жырткыч ($x$) жана ($y$) жеминин өз ара аракеттенишини ылдамдыгын мүнөздөөчү ИДТ моделдик системасы каралат:

$$\begin{aligned} \frac{dx}{dt} &= i\omega x - i\omega c_{11} x - i\omega c_{12} x \int_{-\infty}^{t} e^{-(t-s)} y(s) ds, \\ \frac{dy}{dt} &= i\omega y + i\omega c_{21} y \int_{-\infty}^{t} e^{-(t-s)} x(s) ds, \end{aligned} \tag{21}$$

$$x = e^{i\omega t} x_1, \quad y = e^{i\omega t} y_1, \omega t = \theta, s = \frac{z}{\omega},$$

өзгөртүп түзүүсүнүн колдонуп, (21) системаны

$$\frac{dx_1}{dt} = -ic_{11} e^{i\theta} x_1^2 - \frac{i}{\omega} c_{12} x_1 \int_{-\infty}^{\theta} e^{-\frac{\theta - z}{\omega}} e^{-iz} y_1\left(\frac{z}{\omega}\right) dz,$$

$$\frac{dy_1}{dt} = \frac{i}{\omega} c_{21} y_1 \int_{-\infty}^{\theta} e^{-\frac{\theta - z}{\omega}} e^{iz} x_1\left(\frac{z}{\omega}\right) dz,$$

системага келтирилип, анын $2\pi$-мезгилдик чыгарылышына, жакындаштырылган чыгарылышы табылды.

**Үчүнчү главада** мезгилдик жана чектик маселелерди изилдөөдө өтө маанилүү болгон, аралаш тектеги ИТС каралат.

§3.1 - §3.3 параграфтарда

$$x(t) = \mu \int_0^t \left[ K(t,s)x(s) - \frac{1}{T}\int_0^T K(t,s)x(s)ds \right] ds + f(t), \tag{22}$$

$$x(t) = \mu \int_0^t \left[ K(t,s)x(s) - \frac{1}{T}\int_0^T K(t,s)x(s)ds \right] ds + f(t, x(t)), \tag{23}$$

мында $x, f - n-$ өлчөмдүү вектор-функциялар; $K(t,s) - n \times n$- өлчөмдүү матрица-функция; $\mu$ – параметр; (22) оператордук формада жазып жана

$$x(t) = \mu(Kx)(t) + f(t)$$

анын биринчи жакындаштыруусун $x_1(t) = f(t)$ деп алып, (22) удаалаш жакындаштыруу ыкмасынын схемасынын негизинде чыгарабыз

$$x_n(t) = \mu(K_{n-1}x)(t) + f(t) = \sum_{k=1}^{n} \mu^{n-k} (K^{n-k} f)(t), \quad n = 1, 2, ...$$

мында $(Kx)(t) = \mu \int_0^t \left[ K(t,s)x(s) - \frac{1}{T}\int_0^T K(t,s)x(s)ds \right] ds.$

**Теорема 4.** (22) ИТС жалгыз чыгарылышка ээ болот, качан$|\mu| < \frac{1}{\rho}$,, мында $L = \|K\|$ жана $\|x(t)\| \le (1-\rho)^{-1}\|f\|$, $\rho = \frac{T}{2}L$. Бул жыйынтык §3.2 далилденген.

**Теорема 5.** Эгерде $K(t,s)$, $f(t,x)$ Липщицтин шарттарын канагаттандырса $|f(t,x') - f(t,x'')| \le L_1|x' - x'')|$ жана $\overline{\rho} = |\mu|\rho + L_1 < 1$, анда (23) ИТС жалгыз чыгарылышка ээ болот жана бул чыгарылышты удаалаш жакындаштыруу ыкмасынын схемасы $x_n(t) = \mu(Kx_n)(t) + f(t, x_{n-1}(t))$ түрүндө табууга болот.

§3.4 (22) ИТС чыгаруунун сандык схемасы (трапеция ыкмасы) сунуш кылынат.

**Төртүнчү главада** ДТС – нын эки чекиттүү чекиттик маселеси үчүн тездетилип жыйналуучу сан – аналитикалык ыкмасынын схемасынын математикалык негиздөө проблемасы каралат.

§§4.1-4.3 параграфтарда

$$\frac{dx(t)}{dt} = f(t,\, x(t)), \tag{24}$$

$$Ax(0) + Bx(T) = d, 0 \le t \le T, \tag{25}$$

чекиттик маселесинин коюлушу, түзөтүү маелеси жана чектик маселени жакындаштырып чыгаруу алгоритми чагылтырылган, мында $d \in R^{nu}, x \in C^1([0,T] \to R^n, A, B \in R^{n\times n}, \det B \ne 0$. (24), (25) жакындаштыруусун

$$\begin{aligned} x_{n+1}(t,x_0) = \int_0^t \left[ f_x(t,x_n(t,x_0))x_{n+1}(t,x_0) - \frac{1}{T}\int_0^T f_x(t,x_n(t,x_0))x_{n+1}(t,x_0)dt \right] dt + \\ + x_0 + \int_0^t \Big[ f(t,x_n(t,x_0)) - f_x(t,x_n(t,x_0))x_n(t,x_0) - \frac{1}{T}\int_0^T \big( f(t,x_n(t,x_0)) - \\ - f_x(t,x_n(t,x_0))x_n(t,x_0)\big)dt \Big] dt + \frac{t}{T}\left[ B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0 \right], \end{aligned} \tag{26}$$

алгоритмдин негизинде аныктайбыз.

§4.4 (26) алгоритмдин жыйналышы тууралу маселени изилдөө каралат. $n$–өлчөмдүү вектор – функция $f(t,x)$

$$(t,x) \in [0,T] \times S_\omega, \omega > 0, S_\omega \subset R^n. \tag{27}$$

областында аныкталсын, мында $D$евклиддин $E_n$ мейкиндигинин чектелген, жабык областы болуп жана

$$\begin{gathered} |f(t,x)| \le M, \ |f_x(t,x)| \le K, \\ |f(t,x') - f(t,x'') - f_x(t,x')(x'-x'')| \le K_1|x'-x''|^2. \end{gathered} \tag{28}$$

шартарын канагаттандырсын.

Лемма 1. Эгерде $2TK < \frac{1}{2}$, $2TM + \beta < \omega / 4$, $x_0 \in D_f$, анда $x_n(t,x_0) \in D_f$ баардык $n = 1,2,...$ үчүн.

**Теорема 6.** $x = x^0(t,x_0)$ (24), (25) чектик маселенин чыгарылышы болуп, лемма 1 шарттарын канагаттандырсын жана $\rho_1 = \frac{TK_1}{2}$, $\gamma = \frac{TM}{2} + \beta$, $\rho_1\gamma < (1 - -\rho)(1 - 2\rho)$, анда $x^0(t,x_0) = \lim_{n\to\infty} x_n(t,x_0)$, жана $\left|x^0(t,x_0) - x_n(t,x_0)\right| \le \frac{1-\rho}{\rho_1}\left(\frac{\rho_1\gamma}{(1-\rho)(1-2\rho)}\right)^{2^n} \frac{(1-\rho)^2(1-2\rho)^2}{(1-\rho)^2(1-2\rho)^2\rho_1^2\gamma^2}$, бардык $n = 0,1,2,\ldots$, мында $x_n(t,x_0)$ (26) негизинде аныкталат.

$$\Delta(x_0) = \frac{1}{T}\left[B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0\right] - \frac{1}{T}\int_0^T f(t, x_\infty(t,x_0))dt, \qquad (29)$$

функциясын карайлы, мында $x_\infty(t,x_0)$ (29) удаалаштыктыктын пределдик фунциясы $x_\infty(t,x_0)$

$$x_\infty(t,x_0) = x_0 + \int_0^t \left[f(t, x_\infty(t,x_0)) - \frac{1}{T}\int_0^T f(t, x_\infty(t,x_0))dt\right]dt + \frac{1}{T}\left[B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0\right],$$

теңдеменин чыгарылышы болгондуктан, $\Delta(x_0) = 0$ болгондо $x_\infty(t,x_0)$ (24), (25) чектик маселенин чыгарылыш болот жана чектик маселенин чыгарылышынын жашашы (29) функциянын нөлдөрүнүн бар болуш маселеси менен байланышкан. Ошондуктан $\Delta(x_0) = 0$ теңдемесинин тамыры болгон чекиттер $x_0$

$$\Delta:\ D_+ \to E_n,\ \Delta(x_0) = \frac{1}{T}\left[B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0\right] - \frac{1}{T}\int_0^T f(t, x^0(t,x_0))dt, \qquad (30)$$

чагылтуусунун өзгөчө чекиттери болушат. (30) чагылтууну

$$\Delta_n(x_0) = \frac{1}{T}\left[B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0\right] - \frac{1}{T}\int_0^T \left[f(t, x_n(t,x_0)) - f_x(t, x_n(t,x_0))\delta x_n(t,x_0)\right]dt. \qquad (31)$$

функциянын жардамы менен табууга боло тургандыктан, анда (31) чагылтуусунан (30) функциянын нөлдөрү жөнүндөгү суроону, муну менен бирге (24), (25) чектик маселенин чыгарышын табууга боло турган суроону чечүүгө болот.

Бул маселе § 4.5. далилденген теоремада каралган.

**Теорема 7**. (24), (25) чектик маселе (27) областа берилсин жана (28) шарттарды канатандырып, төмөндөгүлөр аткарылсын:

а) Кандайдыр бир бүтүн $n$ саны үчүн $\Delta_n(x_0)$ функциясынын обочолонгон өзгөчө чекити бар болсун $\Delta_n(x_0^0) = 0$;

б) Бул чекиттин индекси нөлдөн айырмалуу болсун;

в) $D_f$ областында жаткан $D_1$ областы жашап, $x_0^0$ чекити анын жалгыз өзгөчө чекити болуп, анын ичинде $\Gamma_{D_1}$ ,

$$\inf_{x\in D_1}\left|\Delta_n(x)\right| \ge K\frac{1-\rho}{\rho_1}\left(\frac{\rho_1\gamma}{(1-\rho)(1-2\rho)}\right)^{2^n}\left(\frac{\rho_1\gamma}{(1-\rho)(1-2\rho)}\frac{(1-\rho)^2(1-2\rho)^2}{(1-\rho)^2(1-2\rho)^2 - \gamma^2\rho_1^2} + 1\right),$$

барабарсыздыгы аткарылсын, анда (24), (25) чектик маселенин $x(0) \in D_f$. болгондой $x(t)$ чыгарылышы бар болот.

§ 4.6. көрсөтүлгөн (29) аныктоочу функциянын касиетинин негизинде, § 4.7. $D_f$ областынан аныктоочу фукнциянын нөлүн кармаган област бөлүнүп алынган.

§ 4.8. чектик маселенин конкреттүү сандык мисалы каралган.

**Бешинчи главада** чектик маселелер үчүн модификацияланган Рунге-Куттанын ыкмасын негиздөө маселеси каралат.

§ 5.1, 5.2. параграфтарда чектик маселенин коюлушу, чыгаруунун схемасы жана чектик маселер үчүн Рунге-Куттанын методунун формулировкасы чагылдырылып, анын математикалык негиздөө маселеси каралган:

$$\frac{dx(t)}{dt} = f(t,\, x(t)), 0 \le t \le T, \tag{32}$$

$$Ax(0) + Bx(T) = d, \tag{33}$$

Кошинин маселесин карайлы

$$\frac{dx(t)}{dt} = f(t,\, x(t)), \tag{34}$$

$$x(t_0) = x_0. \tag{35}$$

**Аныктама 1.** $s$ – бүтүн он сан болсун, $a_{21}, a_{31}, a_{32}, ..., a_{s1}, a_{s2}, ..., a_{s,s-1}, b_1, b_2, ..., b_s, c_1, c_2, ..., c_s$ – заттык коэффициенттер. Анда

$$K_{1i}(h) = f(t_i, x_i),$$

$$K_{2i}(h) = f(t_i + c_2 h, x_i + a_{21} K_{1i}),$$

$$K_{3i}(h) = f(t_i + c_3 h, x_i + h(a_{31} K_{1i} + a_{32} K_{2i})),$$

$$. \quad . \quad . \quad . \quad . \quad . \quad . \quad .$$

$$K_{si}(h) = f(t_i + c_s h, x_i + h(a_{s1} K_{1i} + ... + a_{s,s-1} K_{s-1,i})),$$

$$x_i = x_0 + h \sum_{\alpha=1}^{i-1} \sum_{j=1}^{s} b_j K_{j\alpha}(h), \tag{36}$$

(34), (35) Коши маселеси үчүн S – стадиялык Рунге-Куттанын методу деп саналат.

**Аныктама 2.** $s$ – бүтүн он сан болсун жана $a_{21}, a_{31}, ..., a_{s1}, a_{s2}, ..., a_{s,s-1}, b_1, b_2, ..., b_s, c_2, ..., c_s$ – аныктама 1 деги заттык коэффициенттер. Анда

$$K_{1i}(h) = f(t_i, x_i),$$

$$K_{2i}(h) = f(t_i + c_2 h, x_i + a_{21} K_{1i}),$$

$$. \quad . \quad . \quad . \quad . \quad . \quad . \quad .$$

$$K_{si}(h) = f(t_i + c_s h, x_i + h(a_{s1} K_{1i} + ... + a_{s,s-1} K_{s-1,i})),$$

$$x_i = x_0 + h \sum_{\alpha=0}^{i-1} \left[ \sum_{j=1}^{s} b_j K_{j\alpha}(h) - \frac{h}{T} \sum_{\beta=1}^{N-1} \sum_{j=1}^{s} b_j K_{j\beta}(h) \right] + \frac{t_i}{T} [B^{-1} d - (B^{-1} A + E) x_0] \tag{37}$$

(32), (33) чектик маселе үчүн $s$ – стадиялык Рунге-Куттанын методу деп аталат.

Бул аныктаманын негизинде төмөнкү түрдөгү Рунге-Куттанын ыкмаларнынын кээ бирлерин атасак болот.

Эйлердин ыкмасы

$$x_i = x_0 + h\sum_{\alpha=0}^{i-1}\left( f(t_\alpha, x_\alpha) - \frac{h}{T}\sum_{k=0}^{N-1} f(t_k, x_k)\right) + \frac{t_i}{T}[B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0]$$

Хойндун ыкмасы

$$K_{1\alpha}(h) = f(t_\alpha, x_\alpha),\ K_{2\alpha}(h) = f\left( t_\alpha + \frac{1}{3}h, x_\alpha + \frac{1}{3}hK_{1\alpha}(h)\right),$$

$$K_{3\alpha}(h) = f\left( t_\alpha + \frac{2}{3}h, x_\alpha + \frac{1}{3}hK_{2\alpha}(h)\right),$$

$$x_i = x_0 + h\sum_{\alpha=0}^{i-1}\left[ \frac{1}{4}K_{1\alpha}(h) + \frac{3}{4}K_{3\alpha}(h) - \frac{h}{T}\sum_{k=0}^{N-1}\left( \frac{1}{4}K_{1k}(h) + \frac{3}{4}K_{3k}(h)\right)\right] +$$

$$+\frac{t_i}{T}[B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0].$$

**Теорема 8.** Эгерде (32), (33) чектик маселе үчүн Рунге-Куттанын ыкмасынын тартиби $p$-га барабар болуп, эгерде $f(t,x)$ фунциясынын $p$ тартиптеги баардык жекече туундулары жашап жана үзгүлтүксүз болушса, анда ыкманын катасынын чени

$$|x(t_i) - x_i| \le \frac{N}{2p!}\left( \max_\theta \left| \frac{F^{(p+1)}(\theta h)}{p+1}\right| + \max_\theta \sum_{j=1}^{s} b_j \left| K_{j\alpha}^{(p)}(\theta h)\right| \right) h^{p+1}$$

барабарсыздыгы менен өлчөнөт.

Аныктама 2 киргизилген Рунге-Куттанын ыкмасын (37)

$$x(t, x_0) = x_0 + \int_0^t \left[ f(t, x(t, x_0)) - \frac{1}{T}\int_0^T f(t, x(t, x_0))dt \right] dt + \frac{t}{T}\left[ B^{-1}d - (B^{-1}A + E)x_0\right]. \qquad (38)$$

ИТС дискреттик аналогу деп интерпретацияласа болот . Бул жагдай (32), (33) чектик маселенин чыгарылышынын жашашы жана тургузулушу (37) чектүү-айырмадагы теңдеменин чыгарылышынын жашашы жана тургузулушуна алып келинет. § 5.3 параграфта бул маселенин изилдениши каралган.

Чектик маселени карайлы

$$x_{n+1} = x_n + f_n(x_n), \qquad (39)$$

$$Ax_0 + Bx_N = d, \qquad (40)$$

мында $x_n = (x_n^{(1)}, x_n^{(2)}, ..., x_n^{(p)}),\ f_n = (f_n^{(1)}, f_n^{(2)}, ..., f_n^{(n)}),\ A, B -$ өлчөмү $p \times p$ болгон турактуу матрицалар, ошондой эле $\det B \ne 0$, $f_n(x)$ фунциясы $(n,x) \in [0,N] \times S_\omega$ областында аныкталып,

$$|f_n(x)| \le M, \qquad (41)$$

$$|f_n'(x) - f_n''(x)| \le K|x' - x''|, \qquad (42)$$

барабарсыздыгын канаттандырсын, мында $M$ , $K-$ терс эмес сандар.

Мындан ары төмөндөгүдөй шарттар аткарылгандай системаларды карайбыз:

1) $\left( \frac{MN}{2} + \beta \right) < \omega,\ \ \beta = B^{-1}d - (B^{-1}A + 1)x_0$;

2) $Q = \frac{NK}{2} < 1.$

(39), (40) маселенин $n=n_0=0$болгондо $x_0$ чекит аркылуу өтө турган чыгарылышы болсун. Анда төмөндөгүдөй жыйынтык туура болот.

**Теорема 9**. $\varphi_n$ – (39), (40) чектик маселенин $x_0 \in S_{\omega-(\frac{MN}{2}+\beta)}$ чекити аркылуу өткөн чыгарылышы болсун. Анда $\varphi_n = \lim_{k\to\infty} x_n^{(k)}(x_0)$, $n, x_0$ карата бир калыпта$\left|\varphi_n - x_n^{(k)}(x_0)\right| \le Q^k(1-Q)^{-1}\frac{MN}{2}$ чектөөсү орун алат, мында $x_n^{(k)}(x_0)$ - төмөндөгүдөй алгоритм менен аныкталат:

$$x_n^{(k)}(x_0) = x_0 + \sum_{i=0}^{n-1}\left[ f_i(x_i^{(k-1)}(x_0)) - \frac{1}{N}\sum_{j=0}^{N-1} f_j(x_j^{(k-1)}(x_0))\right] + \frac{n-1}{N}(B^{-1}d-(B^{-1}A+E)x_0),$$

$$x_i^{(0)}(x_0)=x_0,\ \ i=0,1,...,N,\ \ k=1,2,3,....$$

$f(t,\ x)$ вектор-фунциясы $[0,T]\times D$ $(D\in E_n)$ областында аныкталып, төмөндөгүдөй шарттарды канаааттандырсын :

$$|f(t,x)| \le M\ , \tag{43}$$

жана Липщицтин шарты аткарылсын

$$|f(t,x')-f(t,x'')| \le K|x'-x''|, \tag{44}$$

анда

$$\Phi(x_\alpha,h)=\sum_{j=1}^{s} b_j K_{j\alpha}(h) \tag{45}$$

фунциясы үчүн төмөндөгүдөй жыйынтык туура болот.

**Лемма 2.** Эгерде $f(t,x)$ фунциясы (43), (44) шаттарын канааттандырсын. Анда (45) функция үчүн Липщицтин турактуусу

$$L(h)=K\left(\sum_{\alpha=1}^{s}|b_\alpha| + hK\sum_{\alpha,i=1}^{s}|b_\alpha a_{\alpha i}| + h^2K^2\sum_{\alpha,i,j=1}^{s}|b_\alpha a_{\alpha i}a_{ij}| + ...\right)$$

